**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ**

**ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ТАРЫХ-ЮРИДИКА ИНСТИТУТУ**

**“Кыргызстан тарыхы жана археология, этнология”кафедрасы**

# ПАСПОРТ

**Ош – 2025**

## Ош мамлекеттик университетинин гимни

*Сөзү: А. Барпиев*
*Обону: К. Жумабаев, И. Кебеков*

Кыргыз жери элдин улуу дастаны,
Нурга бөлөп, бейпил ачык асманы,
Ата журттун ак батасы төгүлүп,
Акыл бешик ордосу бол, Ош шаары

Кайырма:

Куту сенсин,университет кыргыздын,
Ырыс, бакыт уул кызына тургуздуң,
Жарык чачып,жылдыз болуп жайнаган,
Жаштыгысың жалындаган турмуштун.

Баары сен: өнөр, турмуш сырлары,
Бийик сезим, билим, сүйүү, ыр дагы,
Илим көчү кылымдарды карытып,
Окумуштуусу көктө Чолпон таңдагы.

Кайырма:

Куту сенсин, университет кыргыздын,
Ырыс, бакыт уул кызына тургуздуң,
Жарык чачып, жылдыз болуп жайнаган,
Жаштыгысың жалындаган турмуштун

# ТАРЫХ АДИСТИГИНИН ТАРЫХЫ, МИССИЯСЫ, МАКСАТТАРЫ

## Тарых адистигинин тарыхы

Ош мамлекеттик университетинин Тарых адистигини бүгүнкү күндө жогорку квалификациялуу тарыхчы адистерин даярдоодо жетектөөчү окуу-усулдук, илимий-педагогикалык борбор болуп саналат. 1951-1964-жылдары Ош мамлекеттик педагогикалык институнун филология факультетинин курамында тарых бөлүмү иштеп турган. Ал эми, 1964-1969-жылдары өз алдынча факультет болгон. Бул жылдары тарых факультетинин декандык кызматын Д. Э. Эгемназаров, К. Камчибеков, Ж. Алтымышбаев, А.Чонтаевалар аркалашкан. 1964-1969-жж. факультеттин курамында "Тарых" кафедрасы болуп, аны т.и.к., доцент И. В. Гришков жетектеген. Бул мезгилде студенттерге билим берүүдө өз кесибине берилген жогорку профессионалдуу адистер А. Л. Кац, В. Ф. Шелике, Ю. Н. Клейманов, Д. Э. Эгемназаров, О. К. Кулатов, Е. Т. Федина жана башкалар эмгектенишкен. 1969-ж. Тарых факультети жабылып, студенттер Фрунзе шаарында жайгашкан КМУнун Тарых факультетине котрулушкан.

Заман талабына ылайык, 1985-ж. тарых факультети Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун курамында кайрадан ачылган. Ушул жылы ОМПИнин филология факультетинин курамында тарых бөлүмү түзүлүп, анда болгону эки окутуучу Т.Кененсариев жана А.Нургазиевалар эмгектенишкен. Күндүзгү бөлүмүнө 50 студент кабыл алынып, окуу жараяны орус тилинде жүргүзүлгөн. 1986-ж. алгачкы жолу сырттан окуу бөлүмүнө 25 студент кабыл алынган.

1988-жылы тарых адистиги кайрадан факультет статусуна ээ болуп, т.и.к., доцент Т. Кененсариев факультеттин декандык кызматына шайланган. 1988-1993-жж. Т. Кененсариев факультетти башкарган мезгилде, факультет кенейип, окутуучулардын саны 18ге жеткен. Алардын 15и илимдин кандидаттары болушкан. Окуу-тарбиялык иштер менен бирге Кыргызстандын тарыхы, археология жана нумизматика илимдеринин актуалдуу маселелерин изилдөөгө көнүл бурулган. Бул иштерге профессорлор Т. Кененсариев, Э. Сулайманов, доцент А. Табышалиевалар чон салым кошушкан.

Андан кийинки убактарда факультетти 1993-1998-жж. ф.и.д., профессор Ш. Базарбаев, 1998-2000-жж. т.и.д., профессор У. Чотонов, 2000-2006-жж. т.и.к., доцент Т. Кадыровдор жетектеп келишкен. Бул аралыкта факультеттин окуу-усулдук, тарбиялык жана илимий иштеринде зор ийгиликтер жаралган.

1992-жылы Ош Мамлекеттик педагогикалык институту Ош Мамлекетик

Университети болуп кайра түзүлгөнүнө байланыштуу факультеттин адистери, структурасы кайрадан каралып чыккан. Факультет өзү тарых-укук факультети болуп өзгөртүлүп, мурунку кафедралар менен катар «Кыргызстандын тарыхы», «Укук таануу», кийинчерээк, тагыраак айтканда 1997-жылы «Археология жана Этнология» кафедралары иштей баштаган. ОшМУнун Окумуштуулар Кенешинин 2006-жылы 15-майдагы чечимине (протокол №31) жана ректордун 2006-жылы 7-июндагы буйругуна ылайык тарых факультетине, философия адистиги кошулуп, тарых-философия факультети түзүлгөн. Факультеттин деканынын милдетин аткаруучу кызматына т.и.к., доцент Ж.Адилбаев дайындалган. Факультеттин курамында 6 кафедра иштеп турган. Алар: Жалпы тарых жана тарыхты окутуунун усулу кафедрасы (башчысы т.и.к., доцент Өмүрзакова Т.Ө.), Археология жана этнология кафедрасы (т.и.к., доцент Малтаев К.Ж.), Борбордук Азиянын жана Кыргызстандын тарыхы кафедрасы (т.и.к., доцент Смадияров С.А.), Атамекен тарыхы кафедрасы (т.и.д., проф. Абытов Б.К.), Философия кафедрасы (ф.и.к., доцент Сулайманов Ж.М.), Кыргыздардын жана чет элдердин философиясынын тарыхы кафедрасы (ф.и.к. доцент Шарипова Э.К.). Факультетте жалпысынан илимий, усулдук жана адистик деңгээли ЖОЖдун талабына жооп берген 88 окутуучулар эмгектенишкен. Алардын ичинен: илимдин доктору - 2, илимдин кандидаттары - 19, улук окутуучулар - 18, окутуучулар - 49 болгон. Окуу күндүзгү жана сырттан окуу формасында жүргүзүлгөн.

2008-2014-жж. тарых жана юридика факультеттери бириктирилип, тарых-юридика факультети түзүлгөн. Бул жылдары, аталган факультеттин декандык кызматын ю.и.д., профессор Э. Токторов, андан кийин ю.и.д., профессор Г. Кулдышевалар аркалап келишти. ОшМУнун ректорунун 2014-жылдын 5-сентябрындагы буйругунун негизинде тарых–юридика факультети өз алдынча тарых жана юридика факультеттери болуп кайра түзүлдү. Факультеттин деканы болуп Смадияров С.А. шайланган.

Азыркы күндө тарых факультетинде тарыхчы адистерди даярдоо социалдык-экономикалык билим берүү багытында “Бакалавр” программасы боюнча жүргүзүлөт. Факультеттин окуу–усулдук, илимий жана тарбиялык иштерин: “Жалпы тарых жана тарыхты окутуунун усулу”, “Кыргызстан тарыхы, археология жана этнология” кафедраларынын профессордук–окутуучулук жамааты алып барышат. Факультетте тарых музейи, компьютердик класс, заманбап китепкана, окуу залы иштейт. Азыркы учурда факультетти тарых илимдеринин кандидаты, доцент Арстанов Сабыркул Абдыманапович жетектейт.

**Тарых факультетинин декандык кызматын аркалагандар**

| № | Фамилиясы, аты-жөнү | илимий даражасы | фак. жетектеген жылдары |
|---|---|---|---|
| 1. | Эгемназаров Д. Э | т.и.к. доцент | 1965-1966-жж. |
| 2. | Камчыбеков К.К. | т.и.к. доцент | 1966-1967-жж. |
| 3. | Чинетова Н.Ч. | т.и.к. доцент | 1967-1968-жж. |
| 4. | Алтымышбаева Б.А. | т.и.к. доцент | 1968-1969-жж. |
| 5. | Кененсариев Т.К. | т.и.к. доцент | 1985-1993-жж. |
| 6. | Базарбаев Ш.Б. | Ф.и.д., профессор | 1993-1998-жж. |
| 7. | Чотонов Ү.Ч. | Т.и.д., профессор | 1998-2000-жж. |
| 8. | Кадыров Т.Д. | т.и.к. доцент | 2000-2006-жж. |
| 9. | Адилбаев Ж.А. | т.и.к. доцент | 2006-2008-жж. |
| 10. | Токторов Э.Т. | Ю.и.д., профессор | 2008-2009-жж. |
| 11. | Кулдышева Г.К. | Ю.и.д., профессор | 2009-2014-жж. |
| 12. | Смадияров С.А. | т.и.к. доцент | 2014-2019-жж. |
| 13 | Арстанов С.А. | т.и.к. доцент | 2020-ж. Бүгүнкү күнгө чейин |

**Тарых адистигинин миссиясы**

Адистиктин миссиясы – учурдагы ааламдашуу жана маалымат технологияларынын өнүгүү шартында гуманитардык багыттагы адистерде учурдун талаптарына жооп берген, дүйнөлүк жана Кыргызстандын тарыхынын маданий-тарыхый өзгөчөлүктөрү тууралуу комплекстүү түшүнүктү калыптандыруу, тарыхый процесстин өзгөчөлүктөрү жана негизги мыйзам ченемдүүлүктөрү жөнүндө системалаштырылган билимге ээ кылуу жана өркүндөтүү, ошондой эле, билим берүүдөгү дүйнөлүк алдынкы стандарттарды терең өздөштүрүү аркылуу эл аралык билим берүү мейкиндигине жуурулушуп, окутуунун жаңы технологияларын пайдаланып, билимдин сапатын жакшыртып, улуттук артыкчылыктарды өнүктүрүү менен атаандаштыкка туруштук берүүгө татыктуу адистерди даярдоо; илимий мекемелер менен тыгыз кызматташып, гуманитардык, социалдык-экономикалык илимдердеги изилдөөлөрдүн натыйжалуулугуна жетишүү жана илимге таянып, коомдун, өлкөнүн өнүгүүсүн камсыз кылуу.

Тарых адистигинин жетекчилиги билим берүү программасынын адистиктин миссиясындагы жана стратегиясындагы ордун так түшүнөт жана бул багыттагы иштери аныкталган. Өзүнүн миссиясын аткарууда билим берүүнүн сапатын жогорулатуу саясаты атайын иштелип чыккан жана концепциясы бар. Анын натыйжасында билим берүүнүн сапатын жогорулатуу саясаты дайыма талдоого алынып, анын жыйынтыктары билим берүү ишмердигинин андан ары сапаттуу жүрүшүн камсыз кылуучу каражат катары колдонулат. Бул саясат бакалавриат жана магистратура деңгээлдеринде ишке ашырылат, ошондой эле зарыл болгон учурда талдоого, кайрадан карап чыгууга болот.

## Кафедранын билим берүү программасынын максаттары жана милдеттери

Кафедра тарабынан 550400 "Социалдык-экономикалык билим берүү" багыты "Тарых" профилиндеги "бакалавр" жана "магистр" академиялык баскычтарындагы адистерди даярдоо боюнча так аныкталган төмөндөгүдөй максаттары жана милдеттери бар:

***1-максат:*** тарыхый процесстердин өзгөчөлүктөрү жана негизги мыйзам ченемдүүлүктөрү жөнүндөгү дүйнөтаанымын жана системалашкан билимдерин калыптандырат; маалыматтарды кабыл алуу, талдоо, жалпылоо жөндөмүн өнүктүрөт, ойлоо маданиятына жана аны өркүндөтүүнүн жолдоруна ээ кылат;

***2-максат:*** тарыхый мурастарга жана маданий салттарга кылдат жана аяр мамиле жасоого, тарыхый процесстердин мыйзамченемдүүлүктөрүн жана анын кыймылдаткыч күчтөрүн түшүнүүгө, активдүү жарандык багытын түшүнүү компетенттерине ээ кылат.;

***3-максат:*** эмгек рыногунда атаандаштыкка туруштук бере алган республиканын мектептеринде эки тилде - кыргыз жана орус тилдеринде окуу процессин жүргүзүүгө жөндөмдүү жана мамлекеттик структураларда, коомдук уюмдарда ишмердикке эффективдүү катышууга багыт алган адистерди даярдайт.

***милдеттери:***

1. Студенттерди кесиптик адистиги боюнча жогорку билимге ээ кылуу менен бирге, билим берүү жараянында интеллектуалдык, маданий жана нравалык өнүгүшүндө инсандык сапаттарын калыптандыруу. Коомдун жогорку билимдүү, жогорку квалификациядагы илимий-педагогикалык адистерге болгон суроо-талабын канааттандыруу.
2. Окутуунун формаларын жана усулдарын өркүндөтүү, инновациялык технологияларды киргизүү аркылуу дүйнөлүк билим берүү системасына интеграциялаштыруу, окуу пландарын жана билим берүү программасын дүйнөлүк стандарттын талабына ылайыкташтыруу.
3. Жогорку квалификациядагы илимий-педагогикалык адистерди даярдоо жана кайра даярдоо, билим берүү мекемелеринин профессордук-окутуучулук курамынын кесиптик деңгээлин жогорулатуу (алардын ичинде магистратура, аспирантура жана докторантура). Кызыкдар болгон мамлекеттик, ошондой эле жеке билим берүүчү мекемелердин жана борборлордун адистерин контрактык негизде даярдоо жана кайра даярдоо, квалификациясын жогорулатуу.
4. Билим берүүнүн, фундаменталдуу илимдердин, өндүрүштүн, социалдык, саясий мамилелердин, маданияттын жана тарбиялоонун маселелерине багытталган илимий (археологиялык, этнографиялык, архивдик-музейдик) изилдөө, илимий-усулдук, окуу-педагогикалык практикаларды уюштуруу.
5. Коомдо элдер арасында педагогикалык, коомдук, тарыхый, экономикалык, гуманитардык, психологиялык, табигый-экологиялык жана башка билимдерди жайылтуу, алардын жалпы билимдүүлүгүн жана маданиятын көтөрүү.
6. Адистиктин материалдык базасын өнүктүрүү, өркүндөтүү жана чыңдоо.

7. Адистиктин уставдык милдеттерин жана максаттарын чечүүдө чет элдик билим берүү мекемелеринин каражаттарын жана башка юридикалык жактарды тартуу.

8. Мыйзамга ылайык жогорку квалификациядагы адистерди факультетте иштөөгө башка жогорку окуу жайларынан жана чет өлкөлөрдөн чакыруу.

9. Мамлекеттин кызыкчылыгы жана университеттин мүмкүнчүлүгүнө жараша бюджеттик жана контрактык негизде 550400 “Социалдык-экономикалык билим берүү” багытында “Тарых” профилиндеги “бакалавр” баскычындагы адистерди даярдоо.

10. Учурдагы коомдун, илимдин, техниканын, маданияттын жана перспективдүү өнүгүүнүн талаптарына ылайык адистерди даярдоонун сапатын дайыма өркүндөтүү.

## Кафедранын профессордук-окутуучулук курамы, илим изилдөө багыттары

Факультетте тарыхчы адистерди даярдоо (550400) социалдык-экономикалык билим берүү багытында “бакалавр” жана “магистр” программасы боюнча жүргүзүлөт. Кафедра тарабынан окуу-усулдук, илимий жана тарбиялык иштерин иш жүзүнө ашырууда.

**“Кыргызстан тарыхы, археология жана этнология”** кафедрасында жалпы 26 окутуучу эмгектенишет (төмөнкү таблицаны караңыз):

**“Кыргызстан тарыхы жана археология, этнология” кафедрасынын профессордук-окутуучулук курамы**

| **№** | **Кызматтык орундардын аталышы жана илимий наамдар** | **2024-2025** |
|---|---|---|
| 1 | Илимдин доктору, профессор | 4 |
| 2 | Илимдин кандидаты, доцент | 13 |
| 3 | Улук окут | 4 |
| 4 | Окутуучу | 4 |
| | **Жалпы:** | 25 |




*Кыргызстан тарыхы жана археология, этнология кафедрасынын жамааты.*

**Шаанов Талант Мурадиллаевич, т.и. к., доцент** – 1982-жылы 24-январда Ош шаарында туулган. 2004-жылы ОшМУнун тарых факультетин аяктаган. Ошол эле жылдан баштап тарых факультетинде эмгектене баштаган. “Эгемендүү Кыргызстандын маданияты: келечеги жана өзгөчөлүктөрү” деген темада кандидаттык диссертациясын жактаган. 2021-жылдын 29-апрелинен баштап «Кыргызстан тарыхы жана археология, этнология» кафедрасынын кафедра башчысы болуп эмгектенип келүүдө. Үй бүлөлүү, 2 уулдун атасы.

**Арстанов Сабыркул Абдиманапович,** ***т. и. к., доцент*** - 1983-жылдын 24-апрелинде Жалал-Абад областына караштуу Аксы районунун Ак-Дөбө айылында туулган. 2004-жылдын сентябрында ОшМУнун тарых факультетинин “Кыргызстан тарыхы” кафедрасына окутуучулук кызматтан баштаган. 2009-жылы ОшМУнун Жаштар комитетинин төрагасы болуп иштеген. 2014-жылы Бишкекте КР УИАда “1924-36-жж. Кыргызстандын агрардык саясаты: маңызы жана жыйынтыктары” деген темада кандидаттык диссертациясын жактаган. 2020-жылдын 5-декабрынан баштап Чыгыш таануу жана тарых факультетинде декан болуп эмгектенип келүүдө.Үй-бүлөлүү. 2 уулдун жана 1 кыздын атасы.

**Смадияров Сыдык Акунович**, ***т.и.к., доцент***-1987-жылы Ленинград (азыркы Санкт-Петербург) мамлекеттик университетинин тарых факультетин бүтүргөн. Ошондон бери ОшМУнун тарых факультетинде эмгектенет. 1994-жылы Бишкек шаарында “Кыргыз Республикасынын автономия жылдарындагы

мамлекеттик аппаратынын калыптанышы жана өнүгүшү (1924-1936-жж.)” деген темада кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргогон. 2011-жылы жаш муундарга татыктуу билим жана тарбия берүүдөгү талыкпаган эмгеги үчүн “Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн мыктысы” наамы ыйгарылган. 100 дөн ашык илимий макалардын, анын ичинде 3 монографиянын, ошондой эле бир нече китепчелердин автору. Үй бүлөлүү.

**Султанова Махпурат Шакировна**, ***т.и.к, доцент*** - 1964-жылы 16-сентябрда Өзбек Республикасынын Анжиан областынын Коргон-Төбө районуна караштуу Хан-абад шаарында туулган. 1987-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин тарых факультетин ийгиликтүү аяктаган. Тарых факультетинде эмгек жолун 1988-жылы сырттан окуу бөлүмүнүн методисти болуп эмгектенүү менен баштаган. 1996-1998-жылдары ОшМУнун аспирантурасынын күндүзгү бөлүмүн бүтүргөн. 2007-жылы Бишкек шаарында “XIX кылымдын II жарымы XX кылымдын башындагы Түштүк Кыргызстандагы билим берүүнүн абалы” деген темада кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргогон. 2008-2015-жылдары “Археология, этнология жана Борбордук Азиянын тарыхы” кафедрасынын башчысы, 2015-жылдын октябрь айынан тарых факультетинин “Кыргызстандын тарыхы жана археология, этнология” кафедрасынын доценти болуп эмгектенүүдө. Бир кыздын энеси.

**Сатыбалдиева Чыныхан Топчубаевна, т.и.д., доцент –** 1973-жылы 8-октябрда Ош шаарынын Ноокат районуна караштуу Каранай айылында туулган. 1995-жылы ОшМУнун тарых факультетин бүтүргөн. 2008-жылы Бишкек шаарында “Традиццонное вышивания кыргызов конца 19 начало 20 вв”.(на примере юга Кыргызстана) атуу темада кандидаттык диссертациясын жактап 2013-жылы тарых илиминин доценти наамына ээ болгон.

2001-2004-жылы “Археология жана этнология ” кафедрасында мугалим болуп иштеген. 2004-2006-жылы аталган кафедранын улук окутуучусу болуп дайындалып, 2008-2010-жылы “Археология жана этнология жана Борбордук Азиянын тарыхы” кафедрасынын доценти болуп дайындалган. 40 макаласы анын ичинен 34 илимий жана 6макаласы окуу-методикалык негизде жазылган. Үй-бүлөлүү.

**Осмонова Самара Курбаналиевна, т.и. к., доцент -** 1982-жылдын 8-январында Жалал-Абад областына караштуу Базар-Коргон районунун Абдраимова айылында туулган. 2004-жылдын февралында ОшМУнун тарых факультетинин “Археология жана этнология” кафедрасына референт катчы кызматынан баштаган. 2008-жылы ОшМУнун тарых-юридика факультетинин декандын контракт иштери боюнча орун басары болуп иштеген. 2014-жылы Бишкек шаарында «Традиционные свадебные обряды кыргызов юго-запада Ферганской долины (конец XIX – начало XX вв.)» деген темада кандидаттык диссертациясын жактаган. Үй-бүлөлүү. 1 кыздын жана 1 уулдун энеси.

**Алишер кызы Салтанат,** ***т.и.к., доцент,*** - 1993-жылы 6- ноябрда Кыргыз Республикасынын Ош областынын, Кадамжай районунун Баткен айылында туулган. 2010-жылы кыргыз-түрк Манас университетинин тарых факультетине кирип, аны 2015-жылы ийгиликтүү аяктаган. 2017-2019-жж. Новосибирск мамлекеттик университетинин магистратура бөлүмүндө окуган. 2019-2021-жж. ушул эле окуу жайда аспирантура бөлүмүн аяктаган. 2023-ж. баштап Кыргызстан тарыхы жана археология, этнология кафедрасында эмгектенип келүүдө.

**Жаркынбаев Талайбек Жумабаевич т.и.к., доцент** - 1969-жылы 25-ноябрда Ош областына караштуу Ничкесай айылында туулган. 1995-жылы ОшМУнун тарых факультетин бүтүргөн. 2005-жылдан баштап ОшМУда эмгектенип келүүдө. 2005-ж. 29-декабрында Бишкек шаарында кандидаттык илимий ишин ийгиликтүү коргогон. 1 кыз 2 уулдун атасы.

**Атаканова Гулмира Асилбековна, т.и.к.** ***окутуучу*** – 1980-жылы 28-октябрда Жалал-Абад облусунун Аксы районундагы Авлетим айылында туулган. 2003-жылы ОшМУнун тарых факультетин аяктаган. ОшМУдагы эмгек стажы 7 жылды түзөт. Үй бүлөлүү, 1 уул, 2 кыздын энеси.

**Ураимов Үрүстөм Наркулович,** ***улук окутуучу*** **–** 1956-жылы 11- январда Ош областынын Ноокат районунун Кыргыз-Ата айылында туулган. 1978 -жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин тарых факультетин бүтүргөн. 2004 жыдан баштап ушул кафедрада эмгектенет. “XIX-кылымдын экинчи жарымындагы Кыргызстанда социалдык – экономикалык мамилелердин эволюлицялары” деген теманын үстүндө илимий изилдөө иштерин жүргүзөт. Үй бүлөлүү, 3уул 1 кыздын атасы. 2022-2023-окуу жылынан “Кыргызстандын тарыхы жана археология, этнология” кафедрасынын улук окутуучусу болуп эмгектенүүдө. 2 уул 1 кыздын атасы.

**Жолдошов Токтомбек Шералиевич, улук окутуучу** - 1962-жылы 13-февральда Кара-Суу районуна каращтуу Дыйкан кыштак көчөсүндө туулган. 1982-жылы СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз мамлекеттик университетине тапшырып Тарых адистиги боюнча аталган университетти 1987-жылы бүтүргөн.

**Алтымышова Венера Карыбековна,** ***улук окутуучу*** - 1976-жылдын 4-февралында Ош областынын Алай районундагы Корул айылында туулган. Ош Мамлекеттик Университетине 1993-жылы тапшырып, 1998-жылы ийгиликтүү бүтүргөн. Кесиби Тарых жана коомдук илимдердин окутуучусу. Тарых факультетинде 2004-жылдан бери эмгектенет. Учурда “Синцзян (КЭР) кыргыздарынын азыркы учурдагы материалдык маданияты” деп аталган темада илимий изилдөөлөрүн жүргүзүп келет. Үй бүлөлүү. 1 кыз 3 уулдун энеси.

**Тагайбекова Айнура Алимбаевна, улук окутуучу –** 1976-жылдын 8-июнь айында Ош обласына караштуу Кадамжай районунда туулган.

1998-жылы ОшМУнун Тарых факультетинин аяктап “Коомдук илимдердин окутуучусу” кфалификациясына ээ болгон.

1998-жылдан 1999-жылга чейин Кыргызстанда 40-жылдыгыатындагы орто мектепте мугалим болуп эмгектенген.

2004-жылдан баштап "Кыргызстан тарыхы жана археология, этнология" кафедрасында окутуучу болуп эмгектенүүдө. Үй бүлөлүү.

**Тилекова Уулкан Кушбаковна, улук *окутуучу* –** 1982-жылы 16-апрелде Ош облусунун Кара-Суу районуна караштуу Папан айылында туулган. 2004-жылы ОшМУнун тарых факультетин Артыкчылык диплому менен аяктаган. Ошол эле жылы тарых факультетинде эмгек жолун баштаган. Учурда "XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башындагы кыргыз элинин салттуу этикети" деп аталган илимий теманын үстүндө изилдөө иштерин жүргүзүүдө. Үй бүлөлүү, 2 уул, 1 кыздын энеси.

**Усманов Тавакал Мансурович,** ***окутуучу*** – 1971-жылы 10-сентябрда Ош шаарында туулган. 1993-жылы Фергана мамлекеттик университетинин тарых факультетин аяктаган. ОшМУнун тарых факультетинде 2002-жылдан бери эмгектенет. Үй бүлөлүү, 4 уулдун атасы.

**Рыскулов Канат Кадыркулович,** ***окутуучу*** – 1980-жылы 23-февралда Жалал-Абад облусунун Ала-Бука районундагы 1-Май айылында туулган. 2002-жылы ОшМУнун тарых факультетин, 2014-жылы юридика факультетин аяктаган. 2004-жылдан баштап тарых факультетинде иштейт. Үй бүлөлүү, 1 уул, 1 кыздын атасы. Илимий темасы: "Эгемендүү Кыргызстандын саясий онүгүүсү (1991-2010-жж.)".

**Салиева Эльмира Абдукаримовна окутуучу-** 1978-жылы 6-январда Ош облусунун Өзгөн районуна караштуу Кызыл-Сенир айылында туулган. 1995-жылы Ош мамлекеттик университетинин тарых факультетине тапшырып, 2000-жылы "артыкчылык" диплому менен аяктаган. Алгачкы эмгегин 2000-жылы Ош жогорку колледжинин "Коомдук илимдер" кафедрасынын лаборанттык кызматынан баштаган. 2001-2006-жылдары ОшМУнун тарых факультетинде сырттан жана кундузгу окуу болумунун усулчусу(методист) болуп иштеген. Азыркы кундо окутуучулук кызматты аркалайт. Уй-булөлүү 2 кыздын жана 1 уулдун энеси.

**Пасанова Клара Балтабаевна,** окутуучу-1981-жылы 28-ноябрда Ош Шаарынын Кеңеш айылында туулган. 1999-2004-жылы Ош мамлекеттик университетинин Тарых факультетин аяктаган. 2013-2017-жылы ОшМУнун аспиранты. 2003-2004-Ош шаарындагы №29 "Учар" орто мектебинде 2006-2013-жылы Ош шаарындагы №14 К.Алтыбаев орто мектебинде жана 2013-жылдан бери ОшМУ Университетинде эмгектенуудо. Үй бүлөлүү 2 уул 1 кыздын энеси.


**Жапарова Айгерим Кубатбековна, окутуучу-** 1991-жылдын 11-ноябында Ош областына караштуу Кара-Суу районунун Большевик айылында туулган. 2014-жылы ОшМУнун тарых факультетинин "Тарых мугалими" адистигин артыкчылык бутургон. 2017-жылы Тарых факультетинин магистратура бөлүмүнүн аяктаган. 2014-2015-жылы Тарых факультетинин "Археология, этнология жана Борбордук

Азия кафедрасынын катчы-референти. 2016-жылдын ОшМУнун Финансы жана экономика боюнча проректору жана ЖОЖдорго чейинки даярдоо департаментинин катчы-референти. 2016-жылдын Тарых факультетинин “Кыргызстан тарыхы жана археология, этнология” кафедрасынын улук лаборанты, окутуучу. 2017-жылы Тарых факультетинин “Кыргызстан тарыхы жана археология, этнология” кафедрасынын окутуучусу.

**Кубанычбек уулу Нурсултан, т.и.к. окутуучу –** 1994-жылы 19-августта Ош облусуна караштуу Ноокат районунун Кыргыз-Ата айыл аймагынын Ак-Булак айылында туулган. 2012-2016-жылы ОшМУнун тарых факультетинин (социальдык-экономикалык билим берүү багыты боюнча бакалавр,); 2016-2018-жылы ОшМУнун тарых факультети (социальдык-экономикалык билим беруу багыты боюнча, магистри); 2018-жылдан бери ОшМУнун аспиранты бөлүмүндө окуйт. 2015-2017-жылы ОшМУнун студенттик акыйкатчы аппаратынын жетекчиси. 2016-2018-жылы ОщМУНУН “Билим” лицейинин тарых мугалими. 2017-2018-жылы ОшМУнун “Билим” лицейинин окуу бөлүмүнүн башчысы(завуч); 2019-жылдан бери ОшМУнун Кара-Суу гимназиясынын директору, 2021-жылдын 15-сентябрынан бери “Кыргызстан тарыхы жана археология, этнология” кафедрасынын окутуучусу. Үй бүлөлүү.

**Кафедранын илим изилдөө багыты**: ”Кыргызстан тарыхы жана археология, этнология” кафедрасынын 2024-2025-окуу жылындагы илимий темасы - ”Кыргызстандын XIX–XXI кк. саясий, социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүүсү” бул тема боюнча үч багытта иш жүргүзүлүүдө.

## Кафедранын илимий байланыштары






**Долбоорлор жана программалар менен иштөө**

| № | Долбоордун жетекчиси | Программанын аталышы | Программанын максаты |
|---|---|---|---|
| 1 | доцент Арстанов С. | Афганистандагы этникалык кыргыздар | Афганистандагы этникалык кыргыздарды изилдөө |
| 2 | Академик Асанканов А. | Кыргызстандын түштүк аймактагы этнографиялык илимий-изилдөө иштери (Ош, Жалал-Абад, Баткен областарына илимий экспедициялык изилдөө) | Кыргызстандын түштүк аймагында этнографиялык илимий экспедициялык изилдөө |
| 3 | доцент Шаанов Т.М. | Өзбекстанда жашаган этникалык кыргыздардын тарыхы, маданияты | Өзбекстанда жашаган этникалык кыргыздардын |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | тарыхын, маданиятын изилдөө |

**Окуу-усулдук, маданий-тарбиялык иштер жана материалдык-техникалык база**

Кафедрада окуу усулдук иштерге терең маани берилип, усулдук кеңештин курамы бекитилген. Окуу усулдук кенештин төрайымы катары Э.Салиева менен кафедранын ар бир окутуучусу жигердүү эмгектенүүдө.

Материалдык-техникалык база 2 компьютердик класс интернет түйүнү менен, тарыхый лаборатория 1 фотоаппарат, 1 эстампаж, байыркы доордон ушул күнгө чейинки мезгилди камтыган музей, тарыхый китептер менен толукталган китепкана, көргөзмө куралдар жана интерактивдүү доскалардан турган окуу аудиторияларынан жана Кыргызстан тарыхы жана археология, турат.

**Адис даярдоого кызыкдар тараптар менен байланыш жана эл аралык байланыштар**

Институттун базасында 2014-2015-окуу жылында магистратура бөлүмү ачылган. Магистратурадагы окуу процессин Кыргызстан тарыхы жана археология, этнология кафедрасынан 4 илимдин доктору профессор, 10 илимдин кандидаты, доценттер сабак берет. Ош областык жана шаардык архивдик бөлүмдөр жана Сулайман-Тоо музей комплекси менен келишим түзүлүп студенттер практикага чыгып турушат.

Азыркы учурда колдоого алынган үзгүлтүксүз билим берүү иштери жандануда, тактап айтканда тарых адистиги боюнча магистратурада билимин өркүндөтүүгө бизде толук шарттар бар. Коомдон артта калбай, билимин өркүндөтүүнү да колго алып, үзгүлтүксүз билимдин чыныгы багытын турмушка ашыруу убактысы келди.

ОшМУнун тарых-юридика институту менен Кытай Эл Республикасынын Үрүмчү педогогикалык университетинин тарых институнун ортосунда академиялык алмашуунун алкагында студенттерди жана магистрлерди окутуу келишими түзүлдү. 2017-жылдан баштап Чехия мамлекетинин Батыш Плзень университети менен биргеликте түштүк Кыргызстандын археологиялык, этнографиялык долбоорунун үстүндө көп жылдык илимий-изилдөө иштери уланып жатат. Бүгүнкү күндө 2 магистрибиз Батыш Плзень университетинин магистратурасын аяктап докторантурада илимий-изилдөө иштеринин үстүндө иштеп келе жатышат. 2022-жылдын февраль айында Өзбекстан республикасынын Наманган мамлекеттик университетинин Коомдук илимдер факультети менен биргеликте эки тараптуу келишим түзүлүп анын негизинде археологиялык жана этнографиялык практикаларды чогу өткөрүү боюнча макулдашылды.